Чүй облусунун Аламүдүн районунун С.Чокморов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы окуу ишине

**Анализ**

2021-2022-окуу жылында С.Чокморов ЖББОМ педагогикалык жамааты Билим берүү тууралуу мыйзамга, билим берүү тармагындагы улуттук программаларга жана мектептин Уставына таянып иш алып барды.

**Биздин концепция**

**Мектептин коллективинин алдына койгон башкы максаттары:**

1.КРнын "Билим берүү тууралуу" мыйзамын ишке ашыруу;

2.Окуучунун инсандыгын өнүктүрүү максатында окуу-тарбия иштерин уюштурууну жакшыртуу:

- Окуучунун билим сапатын көтөрүү;
- окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык окутуунун ыкмаларын жана каражаттарын тандоо;
- инновациялык методдорду жана эффективдүү окутуу ыкмаларын колдонуу;
- эмгектин жеке, топтук жана коллективдүү формаларын айкалыштыруу;
- баланын психикалык, адеп-ахлактык, физикалык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
- окуучунун чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү.

3. Мамлекеттик, улуттук программаларды ишке ашырууга катышуу:

- Сапаттуу билим берүү – өлкөнүн келечегине кепилдик.

4. Жашы жете электер арасында тартип бузуунун алдын алуу:

- Аз камсыз болгон жана көп балалуу үй-бүлөдөн чыккан балдарга жардам берүү;
- Кандайдыр бир себептер менен туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулардын документ алуусуна жардам берүү.

5.Ата-энелер менен иштөө

6.«Таш-Дөбө айыл өкмөтү – мектеп администрациясы - мектептин ПК» 3 тараптуу келишими боюнча ишти улантуу.

**Билим берүүнүн жыйынтыгы боюнча**

2021-2022-окуу жылынын башында 10 класс-комплект ачылган, алардын ичинен: 1-4-класста – 51 окуучу, 5-8-класс –51 окуучу, 10-11-класста 16 окуучу. Жыйынтыгында: 118 окуучу, алардын ичинен – 60 кыз, 58 - эркек. 4-чейректин аягында 101 окуучу, алардын – 51 кыз, 50- эркек. 4-чейректин жыйынтыгы менен билим сапаты – 38,6 %. 101 окуучунун ичинен 15 бала - отличник, 24 бала ударник. Жетишүүсү – 100%. Келди – 2 окуучу. Кетти – 4 окуучу.




Билим сапаты боюнча быйылкы жылдагы ар бир чейректин жыйынтыгын салыштырып көрсөк, төмөнкүдөй көрүнүш пайда болот.

| Чейрек | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы |
|---|---|---|---|
| I | 24% | 29% | 29,8% |
| II | 26% | 27,6% | 39,8% |
| III | 33,3% | 39,5% | 44,5% |
| IV | 37,6% | 36% | 38,6% |



| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2021-2022-о.ж. | 10 | 101 | 51 | 50 |




Билим сапатынын мониторингин салыштыра турган болсок, мектепте башталгыч класста билим сапаты жогорку көрсөткүчтү берген, ал эми төмөнкү көрсөткүчтү негизги мектепте окуй турган класстар түздү.

Билим сапатын жана предметтерди окутуу сапатын жогорулатууга жетишүү үчүн биринчи кезекте мектепти педагогикалык кадрлар менен камсыз кылуу зарыл болгон.

Бул багытта чоң иштер жасалды:

1. Биздин мектептин педагогикалык ЖОЖдорду бүтүп жаткан бүтүрүүчүлөрү менен аңгемелешүүлөр болду.
2. Администрация өлкөдөгү педагогикалык ЖОЖдор менен иш алып барууда.

Жалпы билим берүү мыйзамын ишке ашыруу максатында мектепте мугалимдер арасында микроучастоктор бөлүнүп берилген. Ар бир чейректин аягында мугалимдер окубай жүргөн балдарды аныктоо максатында өздөрүнө тиешелүү тилкени кыдырып чыгышат.

- Биринчи класска 15тин тегерегиндеги окуучу кабыл алынат.
- С.Чокморов атындагы ЖББОМдо 101 бала окуйт. Алардын баары С.Чокморов айылынын балдары.

Окуу жылынын башында

| Окуу жылы | Класс комплект | Окуучулардын саны | кызы | эркеги |
|---|---|---|---|---|
| 2019-2020-о.ж. | 9 | 117 | 57 | 60 |
| 2020-2021-о.ж. | 10 | 124 | 59 | 65 |
| 2021-2022-о.ж. | 10 | 118 | 60 | 58 |




**Окуу жылынын аягында**

| Окуу жылы | Класс комплект | Окуучулардын саны | кызы | эркеги |
|---|---|---|---|---|
| 2019-2020-о.ж. | 9 | 108 | 54 | 54 |
| 2020-2021-о.ж. | 10 | 109 | 54 | 55 |

**Мектептин педагогикалык кадрларына анализ**

2021-2022-окуу жылынын башында мектептин педжамааты 17 кишиден турган, усулдук бирикмелердин саны – 3.

“Эл агартуунун отличниги” наамына бир мугалим ээ.

2021-2022-окуу жылында төмөнкү мугалимдер жумушка кабыл алынды:

1.Мамбиталиева Гульнура
2.Тентиева Бегимай
3.Садыкова Айсара
4.Иманалиева Гүлмира
5.Мусаева Кыял

**Педагогикалык стажы боюнча педсоветтин анализи**

Педагогикалык жамаатта 16 мугалим иштейт, алардын ичинен
5 жылга чейинки тажрыйбасы бар мугалимдер – 5
5 жылдан 10 жылга чейинки тажрыйбасы барлар – 2
10 жылдан өйдө тажрыйбасы барлар – 9.
Жамааттын орточо жаш курагы - 40-50 жаш

Мектепте квалификациясын жогорулатуу ар бир 3-5 жылда бир ишке ашырылып турат.

| Квалификациясын жогорулатуу | 2019-2020-о.ж | 2020-2021-о.ж | 2021-2022-о.ж. |
|---|---|---|---|
| КАО | | | 4 |
| 1 күндүк окуу | | | 5 |
| Бардыгы | | | 9 |

**Жаш кадрлар менен иш алып баруу**

Окуу жылынын башында “Жаш мугалимдин мектеби” тууралуу Жобо иштелип чыккан.

Төмөнкү милдеттер белгиленди:

- Жаш мугалимдин педагогикалык жамаатта адаптацияланышы;
- Жаш адистин мугалимдин ролуна көнүшү;
- предмет боюнча окутуу методдору жана акыркы технологиялар менен таанышуу.

**Метод бирикмелердин ишине анализ.**

Мектепте 3 метод бирикме иштейт:

1.Гуманитардык багытта – 5 мугалим

2.Так илимдер бирикмеси – 4 мугалим

3. Баштапкы класстар бирикмеси – 4 мугалим.

4.Соцпедагог -1.

5.Организатор -1.

№1 педкеңешмеде метод бирикмелердин жетекчилери тандалып алынып, пландары бекитилген. Бардык усулдук бирикмелер бекитилген план боюнча иштешет. Метод бирикмелердин жумалыгы өткөрүлгөн. Ачык сабактар, класстан тышкаркы иш чаралар болгон жана билим таймаштары уюшулган.

21-февралдан 25-февралга чейин "Канча тил билсем, ошончо адаммын" аталышында англис тили жумалыгы өткөрүлдү. Англис тили мугалиминин ачык сабагына катыштык. 5-11-класстар арасында жалпы мектептик иш-чаралар уюштурулду:

-англис тилинде көркөм окуу;

-англис тилинде ыр айтуу;

-дубал-газета конкурсу

-"Суроо-жооп" конкурсу

**Класстык журналдар**

Класстык журналдар системалуу түрдө текшерилип жатты. Текшерүүнүн максаты журналдын толтурулушу, класстык журналды толтуруу эрежелеринин сакталышы, кемчиликтерди жоюунун текшерилиши, окуучулардын сабактарга катышуусун текшерүү. Көзөмөлдөөнүн жыйынтыктары административдик жана өндүрүштүк кеңешмелерде талкууланып турду.

Текшерүү бардык журналдар канааттандырарлык абалда экенин көрсөттү. Мугалимдер журналдарды толтурууну инструкциянын негизинде жүргүзүшөт. Бардык класс жетекчилер жетишүү ведомостун өз убагында толтурушкан. Журналдардагы жазуулар предметтик мугалимдер тарабынан алардын окуу жүктөмүнө жараша жана окуу планына шайкеш жазылган. Аны менен катар эле текшерүүлөрдүн убагында класстык журналды толтуруу боюнча бузуулар аныкталды.

Журнал толтурууда инструкцияны бузган мугалимдер төмөнкүлөр:

1.Акылбеков Ж.
2.Кебекова Г.
3. Ашыралиева М.
4.Тентиева Б.
5.Жумашева Ч.

**Жыйынтыктар:**

- Класстык журналдар канааттандырарлык абалда;
- Көпчүлүк мугалимдер журналдарды инструкция менен толтурушат.
- Предметтик мугалимдер тарабынан чейректик баалар объективдүү коюлган.

**Класстык журналдарды толтуруу боюнча талаптар:**

1.Класс жетекчилер журнал толтуруу боюнча инструкцияны так аткарышы керек.
2.Физика, химия жана математика мугалимдери текшерүү жана практикалык иштердин бааларын өз убагында толтурушу керек.
3.Предметтик мугалимдер өтүлгөн сабактардын темаларын өз учурунда жазып, өз убагында баа коюп, журналдарды катасыз толтурушу зарыл.

**Окуучулардын өздүк делолорун текшерүү боюнча:**

Бардык класстарда окуучулардын өздүк делолору бар, делолордун ичинде окуучуларга тиешелүү документтер камтылган.

Класс жетекчилер тарабынан чейректик жана экзамендик, жыйынтык баалар коюлган.

1-11-класстын жетекчилери окуучулардын өздүк делолорун так, талапка ылайык алып жүрүүлөрү керек. Окуучулардын келип-кеткени алфавиттик китепте белгилениши талапка ылайык болушу керек. Ал эми кээ бирде окуучуларда үй-бүлөлүк шарттарына байланыштуу туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар дагы бар. Мектеп боюнча 3 окуучунун күбөлүгү жок. Бул окуучулардын ата-энелери менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. Бул окуучуларга керектүү документтер чогултулуп берилди, айыл аймагынын социалдык кызматкеринин жардамы менен алынып берилет.

**Микроучасток боюнча.**

Мектепте окуучулардын контингентинин сакталышы боюнча иш-чаралардын планы түзүлгөн. Мугалимдер микроучастоктордогу мектеп жашындагы балдарды тактап, айыл аймагындагы чарба китептери менен да салыштырышат.

Микроучастокто бардыгы 120 окуучу катталган, анын ичинен 101 окуучу биздин мектепте окушат. Мектепте негизинен ушул айылдын балдары окушат. Ата-энелердин 40% эч жерде иштебейт, туруктуу жумуш ордулары жок. Микроучасток боюнча мектепке тартылбай калган окуучулар жок.

**Мектеп ичиндеги текшерүү.**

Предметтик сабактардын сапаттарын текшерүү максатында мектеп администрациясы тарабынан предметтик мугалимдердин сабактарына катышуулар болду. Мугалимдерди окутуу методикасын көрүү жана усулдук жардам көрүү максатында мектеп администрациясы төмөнкү мугалимдердин сабактарына катышты жана төмөнкүдөй сунуштарды берди:

Жамшытбек кызы Айгерим физика мугалими сабактын структурасын кайрадан карап, максатын жеткиликтүү коюп, окуучулар менен өз ара байланышын туура жолго коюусу зарыл. Орус тили мугалими Жумашева Чинара сабакты пландаштыруу, окуучуларды кызыктыруу, дидактикалык материалдарды жаңыртуу менен кеңири колдонуп, окуучулар менен жалпы иштөөгө үйрөнүүсү зарыл. Математика мугалими Садыкова Айсара жаңы ыкмаларды колдонууга, убакытты туура пайдаланууга көңүл буруусу керек.

География сабагынын мугалими Досова Гүлмира сабак өтүүнүн типтерин жана формаларын өзгөртүүсү керек.

Өзгөчө төмөнкү мугалимдер сабакты мектептеги техникалык каражаттарды – телевизор, электрондук доскаларды жана окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуу менен өтүүлөрү керек: Калпаева С., Жусупова Б., Алиева Т., Досова Г., Кебекова Г.

Өз сабактарында техникалык каражаттарды жана окутуунун жаңы ыкмаларын колдонгон мугалимдер дагы бар. Алар: Турусбеков Д.- тарых сабагынын мугалими, Мамбиталиева Г.,- кыргыз тилчи, Тентиева Б., - биология сабагынын мугалими, Мусаева Кыял- кыргыз тилчи, Жумашов Эрбол – информатика сабагынын мугалими.

**Сунуш:** Предметтик мугалимдер сабак өтүүнүн жаңы ыкмаларын, техникалык каражаттарды өз сабактарында колдонуп, андан ары өркүндөтүшсүн.

Предметтик мугалимдер өзүнүн жекече билимдерин өркүндөтүүгө көңүл бурушсун жана сабак өтүүнүн сапатын жогорулатышсын.

Ар бир класстын класстык журналдары ай сайын текшерилди. Текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча көп эскертүүнү дене тарбия мугалими Акылбеков Жанузак, орус тили мугалими Жумашова Чынара, музыка мугалими Жолдокулов Мунарбектер алышты. Бул мугалимдерге директор алдындагы кеңешмеде эскертүү берилген.

**Жаңы 2022-2023-окуу жылында аткарыла турган иштер:**

Анализдин негизинде жаңы 2022-2023-окуу жылында төмөнкүдөй маселелер коюлду:

1.Билимин өркүндөтүү боюнча уюштуруу иштерин жүргүзүү (КАО, семинарлар, алдыңкы тажрыйбалардын мектеби);

2. Алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларын окуп үйрөнүү жана жайылтуу;

3. Мугалимдер арасында педокууларды, семинар, тренингдерди, мастер-класстарды өтүү;

4.Жаш мугалимдер менен үзгүлтүксүз иш алып баруу;
5.Сабактардын практикалык багытына көңүл бөлүү;
6.Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү;
7. Начар окуган окуучулар менен жеткиликтүү иш алып баруу;
8. Окутуунун педагогикалык жаңы технологияларын окуп-үйрөнүү жана окутууда колдонуу;
9.Предметтик гезит-журналдарга, усулдук журналдарга жазылуу;
10. Компьютер колдонууну билбеген мугалимдерди курстан өткөрүү.

Мектеп директору: Турусбеков Д.

Окуу бөлүм башчысы: Мамбиталиева Г.